**"БЕКИТЕМИН"**
С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин ректору а.ч.и.к., профессор Э.М.Байбагышов
_______________________
«8» сентябрь 2021-ж.

**Таирова Калбүбү Акматжановнанын «Кыргыз жазуучуларынын көркөм чыгармалары аркылуу окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо» деген темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине карата жетектөөчү мекеменин**

**ПИКИРИ**

1. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу:**

Коомдо болуп жаткан саясий, социалдык-экономикалык өзгөрүштөр билим берүү жана тарбия иштерине да олуттуу таасир этүүдө. Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасында өзүнүн эгемендүүлүгүн алгандан бери жаштарды мекенчилдикке тарбиялоо багытындагы иш-чараларды кайрадан карап чыгуу, аларды коомдогу өзгөрүштөргө, замандын талабына шайкеш уюштуруу талап кылынууда. Кыргыз жаштарын мекенди сүйүү рухунда тарбиялоо маселелери "Кыргыз Республикасынын жаңы конституциясы", "Билим берүү жөнүндө" мыйзамы, (2003), "Тарбиялоо концепциясы" [2015] ж.б. мамлекеттик деңгээлдеги маанилүү документтерде каралган. Тилекке каршы мамлекеттик мындай директивалык документтер кабыл алынып айрым аракеттер жасалып жаткандыгына карабастан иш жүзүндө мекендин келечегине кайдыгер караган, улуу муундун өрнөктүү тажрыйбаларын унутуп бара жаткан, өз элинин тилин чанган, мекендин баасын, баркын баалай албаган куру кыйкырык менен өздөрүн "мекенчил" көрсөткүсү келген жаштардын саны арбып барат. Албетте, мындай көрүнүш келечектеги муун үчүн, өлкөнүн тагдыры үчүн өтө кооптуу ишаарат.



И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 34 «14» 09 2021 ж/г

Ушундан улам изденүүчү К.А. Таированын диссертациялык изилдөөсүнүн темасынын актуалдуулугу эч кандай шек жаратпайт. Азыркы мектептин адабият сабактарынын окуу программаларына кирген кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармаларынын тарбиялык мааниси белгилүү өлчөмдө бир катар ата мекендик окумуштуулардын эмгектеринде колго алынган. Бирок, кыргыз педагогикасынын азыркы корунда мектептин адабият сабагынын программасында орун алган кыргыздын акын-жазуучуларынын чыгармалары аркылуу окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо маселелери атайын изилдөөнүн предмети катары каралган эмес. Ошондуктан тандалып алынган теманын актуалдуулугу, өз учурунда изилденгени, тарбия берүү теориясына жана практикасына тийиштүү салым кошоору шек санатпайт.

**2. Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:** Көркөм адабият аркылуу мектеп окуучуларын мекенчилдикке тарбиялоонун теориялык негиздери, социалдык педагогикалык өбөлгөлөрү аныкталган. Кыргыздын акын жазуучуларынын мектептин адабият сабагында орун алган көркөм чыгармаларындагы мекенчилдикке тарбиялоо мотивдери типтештирилип, азыркы тарбиялоо процесси үчүн баалуулугу ачылып көрсөтүлгөн.

Окуучуларды кыргыз акын–жазуучуларынын көркөм чыгармалары аркылуу мекенчилдикке тарбиялоонун принциптерин, этаптарын, методдорун ичине алган модели иштелип чыгып, анын педагогикалык шарттары аныкталган. Айкындалып негизделген педагогикалык шарттардын, практикалык-технологиялык каражаттардын эффективдүүлүгү эксперимент аркылуу текшерилип практикалык сунуштар иштелип чыккан.

Мектеп окуучуларын мекенчилдикке тарбиялоону окутуу процессинде камсыздоону андан ары иштеп чыгууга түрткү болгон тиешелүү программалык-усулдук каражаттар менен толуктоодо жатат.

**3. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси:** Бул изилдөөнүн материалдары жана илимий жыйынтыктары мугалим-тарбиячыларды көркөм

адабиятка педагогикалык баалуулуктардын булагы катары мамиле кылууга багыттайт, мектеп мугалимдерин окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоодо кыргыз жазуучуларынын көркөм чыгармаларын пайдалануу боюнча теориялык жактан негизделген жана практика жүзүндө сынактан өткөрүлгөн билимдер менен камсыз кылат. Жогорку окуу жайларда болочок мугалимдерди тарбиялык ишмердүүлүккө даярдоонун мазмунун жана методикасын өркүндөтүүдө колдонсо болот.

**4. Изилдөөдөн келип чыккан корутундулардын ишенимдүүлүгү жана жыйынтыктардын негиздүүлүгү:** алдыга коюлган максат,милдеттерге шайкеш методдорду колдонуу, тажрыйба-эксперимент иштери, эксперименттин жүрүшүндө алынган маалыматтарды ар тараптан анализдөө аркылуу камсыздалган.

**5. Изденүүчүнүн жекече салымы:** Диссертациядагы эмпирикалык жана эксперименталдык изилдөөлөрдүн илимий натыйжалары, коргоого сунушталган жоболор изденүүчү тарабынан жеке иштелип чыккан.

**6. Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышынын толуктугу.** Диссертация киришүүдөн, үч баптан, корутундулардан, колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын негизги жоболору, жыйынтыктары 8 илимий макалада (анын ичинен 2 чет өлкөдө РИНЦ макамындагы журналдарда) жарыяланган. Автордун илимий-методикалык эмгектери изилдөөнүн негизинде жазылган жана практикалык баалуулукка ээ.

**7. Диссертациянын мазмунунда жана авторефератта байкалган айрым мүчүлүштүктөр:**

Диссертациялык эмгекте жетишилген жыйынтыктар жана сунуштар илимий жактан негизделип, практикалык колдонулушу чоң мааниге ээ болгону менен иште кетирилген төмөнкүдөй мүчүлүштүктөр кездешет:

1. Диссертациянын мазмунунда “Кыргыз адабияты” сабагынын программаларын мекенчилдикке тарбиялоо өңүтүнөн талдоону дагы

терендетсе болмок. Айрыкча авторефератта бул маселе конкреттүү ачыкталышы зарыл эле.

2. Тарбиялоо ишинин логикасына ылайык адамдагы ар кандай сапат анын ичинде мекенчилдик ишмердүүлүк процессинде калыптанат. Ушуга байланыштуу диссертацияда балдардын сабактан жана класстан тышкаркы адабий окуу ишмердүүлүгү жана анын мекенчилдикке тарбиялоо процессиндеги орду жетишээрлик ачыкталбай калган.
3. Диссертациянын текстинде айрым стилистикалык жана орфографиялык каталар учурайт.

Бирок, аталган кемчиликтерди диссертациянын мазмундук чектерин тереңдетүү багытындагы сунуштар катары кабылдоого болот жана алар изилдөөнүн теориялык жана практикалык натыйжаларына олуттуу таасир эте албайт. Калбүбү Таированын кандидаттык диссертациясын өз алдынча аткарылган изилдөө катары кароого болот. Изилдөөнүн мазмуну жана андагы алынган жыйынтык жободогу көрсөтүлгөн критерийлерге толугу менен жооп берет.

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши:**

Авторефераттын мазмуну, түзүмү диссертациялык иштин мазмунуна, түзүмүнө туура келип, теманын актуалдуулугу, илимий жаңылыгынын жыйынтыгы, практикалык баалуулугу жана жалпылоосу негизинен толук ачылган. Окуучуларды кыргыз жазуучуларынын көркөм чыгармалары аркылуу мекенчилдикке тарбиялоодо теориялык-практикалык багыты аныкталып, туура методологиялык негизде изилденип, мугалимдерге аларды колдонуунун ыкмалары жана жолдору диссертациялык эмгектин мазмунунда жана анын негизинде жазылган авторефератта бирдей тартипте ачылган жана диссертация менен авторефераттын логикалык байланышы сакталган.

**9. Диссертациялык ишти жалпы жонунан баалоо.** Жогорудагы далилдерди эске алып, бул диссертациялык иштин илимий жаңылыгы жыйынтыкталган, актуалдуулугу тастыкталган, практикалык баалуулугу менен айырмаланган, педагогика илими үчүн маанилүү эмгек деп атасак болот.

**Жалпысынан, Таирова Калбүбү Акматжановнанын «Кыргыз жазуучуларынын көркөм чыгармалары аркылуу окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо»** деген темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы жана анын негизинде жазылган авторефераты Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү жобосунун» 10-пунктуна ылайык актуалдуу темада жазылган, жеке өзү тарабынан аткарылган жана бүткөрүлгөн илимий иш болуп эсептелет, ал эми изденүүчү К.А.Таирова 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга толук татыктуу деп эсептейбиз.

Диссертациялык иш С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин педагогика жана окутуунун технологиясы кафедрасынын окутуучу-профессорлорунун катышуусу менен талкууланды (Токтом № 1 , 8-сентябрь, 2021 -ж.).

Төмөндөгү окумуштуулар талкууга катышып, өз пикирлерин жана сунуштарын беришти: п.и.д., доц Э.О. Бектурова өз пикиринде мектеп окуучуларына ата мекенди таанууга жана эстетикалык жактан тарбиялоо бул башталгыч мектеп окуучуларынан баштоо керек экендигин сөзсүз окуу программасына киргизилиши керектигин баса белгиледи. Кийинки сөз п.и.д., доценттин милдетин аткаруучу И.К.Шерматова көркөм чыгармалар аркылуу мектепте мекенчилдикке тарбиялоону уюштуруу үчүн педагог өзү компетенттүү болушу абзел ошондуктан бул эмгек аркылуу мектепте тарбиялоо процессинде болсун окуу процессинде болсун практикаланышы талапка ылайык.

С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин
педагогика жана окутуунун технологиялары кафедрасынын башчысы,
п.и.к., доценттин м.а: ____________________ Ш. К. Султаналиева



Колтамгасын тастыктаймын
Заверяю:
НМУнун кадрлар бөлүмүнүн башчысы
Начальник отдела кадров НГУ
М. Акматалиева